№ 3 педагогикалык
кеңешменин чечими
менен каралды
“ 15 ” 01 .2020-жыл

“Бекитемин”
мектеп директору
Сарытаева Д.Т. ______
“___”______202__-жыл

**Кызыл-Кыя шаарындагы Токтогул атындагы №6 орто мектебинин окуу процессинде чыр-чатактарды, укук бузууларды ж.б. кароонун тартиби жөнүндө Жобо**

1. **Жалпы жобо**

Билим берүү мекемесине , үй- бүлөлөргө, балдарга тиешелүү болгон чыр-чатактарды, укук бузууларды ж.б. кароонун тартиби КРнын мыйзамдарынын, укуктук- ченемдик акттарынын, мектептин Уставынын, ички тартиптердин бирдиктүү талаптарынын, ошондой эле билим берүү мекемелери менен укук коргоо органдарынын жашы жете элек өспүрүмдөр менен профилактикалык иштерди уюштуруу Жоболорунун, билим берүү мекемесинин Алдын алуу кеңешинин Жобосунун негизинде жүргүзүлөт.

2. **Окуу процессинде чыр-чатактарды, укук бузууларды ж.б. кароонун милдеттери**

2.1 Негизги милдеттер болуп саналат:

* Чыр-чатактардын, укук бузуулардын себептерин аныктоо;

* Чыр-чатактардын, укук бузуулардын катышуучуларын аныктоо;

* Чыр-чатактарга, укук бузууларга ж.б. катышкан балдардын ата- энелерине, мыйзамдуу өкүлдөрүнө кабар берүү;

* Чыр-чатактарды, укук бузууларды ж.б. чечүү максатында же чараларды көрүү, кийлигишүү, көмөк көрсөтүү максатында мектеп администрациясына же тийиштүү органдарга кайрылуу;

* Чыр-чатактак, укук бузуулардын катышуучуларына карата колдонулган чаралардын, чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөө;

* Окуучуларда укуктук маданияттуулуктун, мыйзамды сыйлаган жүрүм-турумду калыптандыруу;

* Балдардын укуктарын сактоо;

2.2 Чыр-чатактарды, укук бузууларды кароо ата- энелердин ( закондуу өкүлдөрдүн), мектеп админимтрациясынын, соцпедагогдун, ЖӨИ инспекторунун, Алдын алуу кеңешинин мүчөлөрүнүн катышуусунда класс жетекчи тарабынан ишке ашырылат, о.э.зарыл болгон шартта мектептин педагогикалык жыйынында каралат.

2.3 Чыр-чатактарды, укук бузууларды кароо мезгилинде кабыл алынган чечимдердин негизинде: мектеп администрациясы тарабынан буйрук, сөгүш чыгарылат, эскертүү берилет, көмөк көрсөтүү максатында тийиштүү органдарга кайра жөнөтүлөт.

## 3. Чыр-чатактардын, укук бузуулардын катышуучуларына таасир этүү чаралары

3.1 Жашы жете электерге:
* Жапа чегүүчүлөрдөн жеке же коомдук формада кечирим суроону милдеттендирүү;
* Мектеп ичиндеги же ЖЖӨИ учетко алуу;
* Материалдык зыян болсо төлөп берүү;
*Жалпы билим берүү мекемесинин администрациясынын алында өтүнүч берүү:
а) Эскертүү берүүгө;
б) Сөгүш же катуу сөгүш жарыялоо жөнүндө;
в) КДДга кароого жөнөтүү.
3.2 Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн ата- энелерине:
* Укуктук- ченемдик акттардын негизинде балага туура тарбия берүү жоопкерчилиги боюнча жазуу түрүндө эскертүү берүү;
* Баласынын мектептин ички учетуна же ЖЖӨИдин учетуна алынуусу боюнча маалымат берүү;
* Жалпы билим берүү мекемесинин администрациясынын алында өтүнүч берүү:
а) Педагогикалык кеңешке ата- энени чакыруу жөнүндө;
б) КДДга кароого жөнөтүү;
в) ШИИБнө ата- энеге карата чара көрүү жөнүндө өтүнүч жөнөтүү.

## 4.Чечимдерди аткаруу боюнча контролдоо формалары

* Чыр-чатак, укук бузуулардын катышуучуларынын жүрүм- турумун класс жетекчи, ата-эне, социалдык педагог ж.б. тарабынан көзөмөлдөө.
*Өспүрүмдүн тартипсиз жана укук бузуучулук аракеттери үчүн жеке жоопкерчиликке тартылган жак тарабынан контролдоо;
* Чыр-чатактардын, укук бузуулардын катышуучулары жана алардын ата-энелери менен класс жетекчи, социалдык педагог, ЖЖӨИнын инспекторунун жекече маектешүүсү;
* Мектептин ички учетунда же ЖЖӨИдин учетунда турган өспүрүмдөрдүн үй-бүлөлөрүн изилдөө;
* Ата- энелер комитеттери, балдар инспектору менен бирдикте рейддерди жүргүзүү;

* Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн жакшы жакка оңдолуусу боюнча кайра угууларды өткөрүү.

**5. Чыр-чатак, укук бузуулардын катышуучулары менен иш алып баруу жана контролдоо үчүн зарыл документтердин түрлөрү:**
* Укук бузуучулар жана алардын ата-энелери менен жеке сүйлөшүүлөрдүн протоколдору;
* Алдын алуу кенешинин, педагогикалык кеңештин протоколунун чечемдеринин көчүрмөлөрү;
Укук бузуучуларга карата чыгарылган сөгүштүн жана буйруктун көчүрмөсү;
*Класс жетекчинин мүнөздөмөсү;
* Туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн копиясы;
* Укук бузуучулар менен иштөө планы;
* Жеке контролдоо жана рейддер боюнча справкалар;
* Изилдөө актылары ж.б.

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**<br>**Токтогул атындагы №6 орто мектеби** | | **МИНИСЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ**<br>**Средняя школа №6 им.Токтогула** |

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2019-2020-окуу жылындагы педагогикалык кеңешинин № 3 протоколунан көчүрмө**

**15.01.2020-жыл** **Кызыл-Кыя шаары**

**Төрайымы: Сарытаева Д.Т.**

**Катчы: Кадырова Н.**

**Катышкан мугалимдердин саны: 36**

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

**3. Окуу процессинде чыр-чатактарды, укук бузууларды ж.б. кароонун тартиби жөнүндөгү Жобо менен таанышуу.**

**Угулду:**

**3- маселе** боюнча мектептин социалдык педагогу Ш. Атаханова билдирүү жасады:

Билим берүү мекемесине, үй- бүлөлөргө, балдарга тиешелүү болгон чыр-чатактарды, укук бузууларды ж.б. кароонун тартиби КРнын мыйзамдарынын, укуктук- ченемдик акттарынын, мектептин Уставынын, ички тартиптин бирдиктүү талаптарынын, ошондой эле чыр-чатактарды, укук бузууларды ж.б. кароонун тартиби жөнүндөгү Жобонун негизинде жүргүзөт.

**Чыр-чатактарды, укук бузууларды ж.б. кароонун милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:** чыр-чатактардын, укук бузуулардын себептерин, катышуучуларын аныктоо, ата-энелерине же мыйзамдуу өкүлдөрүнө кабар берүү, кийлигишүү жана көмөк көрсөтүү максатында мектеп администрациясына, тийиштүү органдарга кайрылуу.

**Чыр-чатактардын, укук бузуулардын ж.б. катышуучуларына таасир этүү чаралары болуп:** балдарга кечирим суроо, учетко алуу, келтирилген зыяндарды төлөп берүү,эскертүү берүү, сөгүш берүү, КДДга кароого жөнөтүү саналат. Ал эми ата-энелерине: эскертүү берүү, баласын мектептин ички учетуна же ЖЖӨИучетуна алынуусу боюнча маалымат берүү, педагогикалык кеңешке чакыруу, КДДда кароого жөнөтүү ж.б.;

**көзөмөл жүргүзүү жана контролдоо үчүн докуметтердин түрлөрү болуп: Чыр-чатактардын, укук бузуулардын ж.б. катышуучуларына** ата- эне, класс жетекчи,

берүү, баласын мектептин ички учетуна же ЖЖӨИучетуна алынуусу боюнча маалымат берүү, педагогикалык кеңешке чакыруу, КДДда кароого жөнөтүү ж.б.;

**көзөмөл жүргүзүү жана контролдоо үчүн докуметтердин түрлөрү болуп: Чыр-чатактардын, укук бузуулардын ж.б. катышуучуларына** ата- эне, класс жетекчи, соцпедагог тарабынан көзөмөлгө алуу, ЖЖӨИнын инспектору менен жекече маектешүү, бардык сүлөшүү,жолугушууларды протоколдоштуруу, буйруктардын көчүрмөлөрүн салуу, класс жетекечинин мүнөздөмөсү, изилдөө актылары болуп саналат.

Жарыш сөзгө чыккандар: тарбия завучу Г.Бекенова сүйлөдү: Бул Жободо чыр-чатактардын, укук бузуулардын ж.б. катышуучулары менен иштөөнүн бардык жолдору жакшы берилген. Биздин мектепте ушул Жободо айтылгандай иш-чараларды аткарып келебиз. Мен класс жетекчилерге чыр-чатактардын, укук бузуулардын ж.б. катышуучулары менен иштөөдө негизинен ушул Жобо менен жакындан таанышып, колдонууга алууңуздарды сунуштаймын.

**Жогорудагы маселени карап чыгып, педагогикалык кеңеш чечим кылат:**

3.1 Мектептин чыр-чатактардын, укук бузуулардын ж.б. кароонун тартиби жөнүндөгү Жобосу кабыл алынсын.

3.2 Мектепте чыр-чатактардын, укук бузуулардын ж.б. кароонун тартиби ушул Жобонун негизинде жүргүзүлсүн.

Мектеп директору: Сарытаева Д.Т.

Катчы: Кадырова Н.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫ**
**ТОКТОГУЛ атындагы**
**№ 6 орто мектеби**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ГОРОД КЫЗЫЛ-КЫЯ**
**сш №6 им.ТОКТОГУЛА**

**№ 66 буйруктан көчүрмө**

16.01.2022-жыл

Кызыл- Кыя шаары Токтогул атындагы
№6 орто мектеби

**Окуу процессинде чыр-чатактарды, укук бузууларды ж.б. кароонун тартиби жөнүндөгү Жобо жөнүндө**

Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2020- жылдын 15- январындагы № 3 педагогикалык кеңешининин 3- чечиминин негизинде **буйрук кыламын:**

1. Окуу процессинде чыр-чатактарды, укук бузууларды ж.б. кароонун тартиби жөнүндөгү Жобо менен бардык предметтик мугалимдер тааныштырылып чыксын.
2. Мектепте чыр-чатактардын, укук бузуулардын ж.б. кароонун тартиби ушул Жобонун негизинде жүргүзүлсүн.
3. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө социалдык педагог Ш.Атахановага жүктөлсүн.

Мектеп директору: Сарытаева Д.Т.